УДК: 37.018.43:004
DOI 10.33514/1694-7851-2025-4/3-103-113

**Султанбаева Г.С.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
gul_878787@mail.ru
**Беркуталиева Д.М.**
студент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
berkutaliieva@gmail.com
**Собитов Д.**
Магистр
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
esalievinsan@gmail.com
**Канатбек кызы А.**
магистр
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
gul_878787@mail.ru

# МУГАЛИМДЕР ЖАНА ОКУУЧУЛАР ҮЧҮН ИНТЕРАКТИВДҮҮ БИЛИМ БЕРҮҮ ПЛАТФОРМАЛАРЫ

**Аннотация.** Бул макалада интерактивдүү билим берүү платформалары мугалимдер жана окуучулар үчүн билим алуунун сапатын жакшыртууга багытталган инновациялык технологиялар болуп санала тургандыгы айтылган. Бул платформалар онлайн курстарды, тесттерди, видео сабактарды жана башка интерактивдүү материалдарды камтып, билим алуу процесси менен мугалимдерге жана окуучуларга жаңы мүмкүнчүлүктөрдү сунуштайт. Мугалимдер өз сабактарын жандандырып, окуучулардын түшүнүгүн жакшыртуу үчүн мультимедиа элементтерин, геймификация жана интерактивдүү компоненттерди колдонууга мүмкүнчүлүк алышат. Окуучулар болсо өз ыргагында жана убактысында үйрөнүп, материалдар менен жекече иштешүү аркылуу өзүн-өзү өнүктүрүүгө мүмкүндүк алышат. Интерактивдүү платформалар окуучулардын мотивациясын арттырып, мугалимдердин сабак берүү ыкмаларын өркүндөтүүгө жардам берет. Мындай платформалардын артыкчылыктарынын бири — алар жеке тандоолорго жана муктаждыктарга ылайыкташтырылган билим берүү мүмкүндүгүн түзөт, натыйжада ар бир окуучунун өзүнүн темпинде жана стилде окуу процесси ишке ашат. Платформалардын негизинде билим берүү системасы кеңейип, заманбап талаптарга жооп берүүгө жөндөмдүү болууда. Жалпылап айтканда, интерактивдүү билим берүү платформалары мугалимдерге жана окуучуларга жаңы билим берүү ыкмаларын ишке ашырууга, окуу процесси боюнча терең маалыматтарды өздөштүрүүгө жана мүмкүнчүлүктөрдү калыптандырууга көмөктөшөт.

**Негизги сөздөр:** платформа, инновация, «Санарип кампа» санариптик билим берүү платформасы, 3D моделдер,«Э-Кундолук» билим берүү башкаруу системасы, «Теребел» интерактивдүү веб-сайт жана билим берүү ресурсу, «Илимбокс» билим берүү платформасы,электрондук мектеп, электрондук күндөлүк, электрондук журнал

**Султанбаева Г.С.**
кандидат педагогических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
gul_878787@mail.ru
**Беркуталиева Д.М.**
студент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
berkutaliieva@gmail.com
**Собитов Д.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
esalievinsan@gmail.com
**Канатбек кызы А.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
gul_878787@mail.ru

# ИНТЕРАКТИВНЫЕ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫЕ ПЛАТФОРМЫ ДЛЯ УЧИТЕЛЕЙ И УЧЕНИКОВ

**Аннотация.** В этой статье говорится о том, что интерактивные образовательные платформы являются инновационными технологиями, направленными на улучшение качества обучения для учителей и учеников. Эти платформы включают в себя онлайн курсы, тесты, видеозанятия и другие интерактивные материалы, предлагая новые возможности как для учителей, так и для учеников в процессе обучения. Учителя получают возможность оживить свои уроки, используя мультимедийные элементы, геймификацию и интерактивные компоненты, чтобы улучшить понимание материала учащимися. Ученики же могут учиться в своем темпе и в удобное для себя время, работая с материалами индивидуально, что способствует их саморазвитию. Интерактивные платформы повышают мотивацию учеников и помогают улучшить методы преподавания учителей. Одним из преимуществ таких платформ является то, что они предоставляют возможность обучения, адаптированную под личные предпочтения и потребности, благодаря чему каждый ученик может учиться в своем собственном темпе и стиле. На базе этих платформ образовательная система расширяется и становится более гибкой, отвечая современным требованиям. В общем, интерактивные образовательные платформы способствуют внедрению новых методов обучения, углублению знаний о процессе обучения и созданию новых возможностей для учителей и учеников.

**Ключевые слова:** платформа, инновация, «Санарип кампа» — цифровая образовательная платформа, 3D модели, «Э-Кундолук» — система управления образовательным процессом, «Теребел» — интерактивный веб-сайт и образовательный ресурс, «Илимбокс» — образовательная платформа, электронная школа, электронный дневник, электронный журнал

**G.S. Sultanbaeva**
Candidate of Pedagogical Sciences, acting assistant professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
gul_878787@mail.ru
**D.M. Berkutalieva**
Student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
berkutaliieva@gmail.com
**D. Sobitov**
master's student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
esalievinsan@gmail.com
**Kanatbek kyzy A.**
master's student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
gul_878787@mail.ru

## INTERACTIVE EDUCATIONAL PLATFORMS FOR TEACHERS AND STUDENTS

**Abstract.** This article discusses how interactive educational platforms are innovative technologies aimed at improving the quality of learning for both teachers and students. These platforms include online courses, tests, video lessons, and other interactive materials, offering new opportunities for both teachers and students in the learning process. Teachers are able to enliven their lessons by using multimedia elements, gamification, and interactive components to improve students' understanding. Students, on the other hand, can learn at their own pace and convenience, working with materials individually, which fosters self-development. Interactive platforms increase student motivation and help improve teaching methods for educators. One of the advantages of these platforms is that they provide learning opportunities tailored to personal preferences and needs, allowing each student to learn at their own pace and in their own style. Based on these platforms, the educational system is expanding and becoming more flexible, capable of meeting modern demands. Overall, interactive educational platforms help implement new teaching methods, deepen understanding of the learning process, and create new opportunities for both teachers and students.

**Key words:** platform, innovation, "Sanarip Kampa" — digital educational platform, 3D models, "E-Kundoluk" — educational management system, "Terebel" — interactive website and educational resource, "Ilimbox" — educational platform, e-school, electronic diary, electronic journal

## Киришүү

Мектепте эн башкы фигура – мугалим болуп эсептелет Замана өсүп, билим берүү системасы да жаңы технологияларга ылайыктап, өзгөрүүдө жана өнүгүү жолунда. Өзгөчө акыркы жылдарда пандемия учурунда жана андан кийин дүйнө жүзүндө онлайн билим берүү системасы жанданып, жаңы билим берүү платформалары пайда болууда. Интерактивдүү билим берүү платформалары — бул мугалимдер жана окуучулар үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачып, билим берүү процессин жеңилдетет жана кызыктуу кылат. Мындай платформалардын мааниси жана пайдалары дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө ар бир билим берүү системасында өзгөчө басымга алынып, жаңы багыттар боюнча иш алып барууда[1].

Интерактивдүү билим берүү платформалары - бул интернетте жайгашкан, мугалимдер менен окуучулардын өз ара аракеттенишүүсүн, билим алууну жана окутууну жакшыртууга багытталган технологиялык чечимдердин жыйындысы [2]. Бул платформалар мугалимдерге сабактарды онлайн түрүндө уюштурууга, онлайн тесттерди жана көндүмдөрдү өткөрүүгө, ошондой эле окуучуларга өздөрүнүн билим деңгээлин баалоого жана башка көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү берет. Окуучулар болсо, өз кезегинде үй тапшырмаларын аткарып, сабактарга катышып, билимдерин көзөмөлдөп, башка окуучулар менен талкуулап, ар түрдүү окуу материалдарына жетишүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат.

**Интерактивдүү билим берүү платформаларынын түрлөрү**

1. Онлайн сабактарды өткөрүү платформалары. Интерактивдүү билим берүү платформаларынын бири - бул онлайн сабактарды өткөрүүгө арналган ресурстар. Мисалы, Zoom, Google Meet, Microsoft Teams, Skype сыяктуу платформалар мугалимдерге сабактарды онлайн түрүндө өткөрүүгө, окуучулар менен тыгыз байланышта болууга жана окууну башкарууга мүмкүнчүлүк берет. Окуучулар, өз кезегинде онлайн сабактарга катышып, мугалимдер менен суроолорду талкуулап, кайтарым байланыш алууга мүмкүндүк алышат.
2. Окуу материалдарын жана ресурстарды жеткирүү платформалары. Экинчи түрү – Moodle, Google Classroom, Edmodo сыяктуу платформалар болуп саналат. Бул платформалар окуу материалдарын (слайддар, видеолор, тексттер жана башкалар) жүктөп, уюштуруп, ошондой эле окуучулардын өз алдынча иштөөсү үчүн тийиштүү тапшырмаларды берүүгө жардам берет. Мындай платформаларда мугалимдер сабактардын ишин онлайн тартипте уюштуруп, окуучуларга керектүү маалыматты тез арада жеткире алышат.
3. Тестирлөө жана баалоо платформалары

Окуучулардын билимин баалоо үчүн ар кандай тестирлөө платформалары да кеңири колдонулат. Kahoot, Quizlet, Socrative сыяктуу платформалар аркылуу мугалимдер окуучуларды онлайн режимде текшерип, жыйынтыктарды жедел көзөмөлдөп, билимдин деңгээлин баалай алышат. Бул тесттер окуучулар үчүн кызыктуу жана интерактивдүү болуп, аларга өз алдынча иштөөгө да өбөлгө түзөт.

**Quizlet** — бул окуучулар үчүн онлайн тесттерди түзүүгө мүмкүндүк берген платформа. Мугалимдер жана окуучулар сөздөрдү үйрөнүү, предметтер боюнча тесттер түзүү жана интерактивдүү иш-чараларды өткөрүү үчүн колдонушат. Бул платформа ар кандай билим берүү тармактарында, анын ичинде тил үйрөнүүдө кеңири колдонулат.

**Kahoot!** — бул кызыктуу жана интерактивдүү тесттер, викториналар жана оюндар түзүүгө мүмкүнчүлүк берген онлайн платформа. Окуучулар бул платформаны пайдаланып, билимдерин сынап көрүшөт. Бул оюн форматындагы тесттер билимди баалоо, жаңыланган билим берүү ыкмаларын колдонуу үчүн пайдалуу болуп саналат.

**Seesaw** — мугалимдерге жана окуучуларга өз ойлорун жана жетишкендиктерин визуалдуу түрдө көрсөтүүгө мүмкүндүк берген платформа. Окуучулар сүрөттөрдү, видеолорду жана жазууларды жүктөп, өз иштерин мугалимдерге жибере алышат. Бул платформа ата-энелерге да балдарынын окуу процесси жөнүндө маалымдар болууга мүмкүнчүлүк берет.

**Padlet** — бул онлайн маалымат тактасы, анда мугалимдер жана окуучулар тексттерди, сүрөттөрдү, видеолорду, слайддарды жана башка түрдүү материалдарды жайгаштырып, топтук долбоорлорду жана изилдөөлөрдү жүргүзүшөт. Padlet аркылуу билимдерди визуализациялоо жана идеяларды бөлүшүү жеңил жана кызыктуу болуп келет.

**Nearpod** — бул мугалимдерге интерактивдүү презентациялар түзүүгө жана окуучулардын сабак учурундагы катышуусун көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк берген платформа. Мугалимдер ар кандай интерактивдүү элементтерди (викториналар, суроолор, видео жана графиктер) сабакка кошуп, окуучулар менен байланышты жандандырышат.

**Flipgrid** — бул окуучуларга өз видеолорун тартып, өз ойлорун жана жоопторун ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берген платформа. Окуучулар бир тема боюнча видеосу менен өзүнүн көз карашын билдиришет, ал эми мугалимдер бул видеолорду баалап, талкуу жүргүзүшөт. Бул платформа билим берүүдө социалдык ишенимди жана коммуникацияны күчөтөт.

**Edpuzzle** — мугалимдерге видеолорду жандандырып, интерактивдүү кылып өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берген платформа. Мугалимдер видеолорго суроолорду жана белгилерди кошуп, окуучулардын сабакты түшүнүү деңгээлин текшере алышат.

**Trello** — бул иш-аракеттерди уюштуруу жана жумуштарды башкаруу үчүн колдонулган платформа. Мугалимдер жана окуучулар топтук иш-чараларды же жеке долбоорлорду түзүп, тапшырмаларды көзөмөлдөшөт. Ар бир иш-топ өзүнүн ишин, тапшырмаларын жана убакыт ченемдерин белгилей алышат.

**Wix Education** — бул мугалимдерге жана студенттерге онлайн веб-сайттар түзүүгө мүмкүнчүлүк берген платформа. Студенттер өзүнүн билим алуу процесси жана жетишкендиктери жөнүндө веб-сайттар түзүп, окутуучуларга өз ишмердүүлүгүн көрсөтүшөт.

**Edmodo** — бул онлайн билим берүү платформасы мугалимдерге окуучулары менен байланышты сактоого, сабак материалдарын жүктөөгө, тесттер өткөрүүгө жана билимди баалоого жардам берет. Ал ошондой эле ата-энелер менен байланышты камсыз кылуу үчүн колдонулат.

**Socrative** — бул билимди тез арада баалоо жана тестирлөө үчүн колдонулган платформа. Мугалимдер тесттерди түзүп, окуучулардын жыйынтыктарын жедел алуу менен, сабакты оптималдаштырууга жардам алат.

**Flip** - окуучуларга өз ойлорун жана жоопторун видеолор аркылуу билдирүүгө мүмкүндүк берген социалдык билим берүү платформасы. Ар бир окуучу видео жүктөп, өзүнүн пикирлерин көрсөтүп, башка окуучулардын комментарийлерине жооп бере алышат.

**Интерактивдүү платформалардын мугалимдер үчүн пайдасы**

1. Интерактивдүү платформалар мугалимдер үчүн сабакты уюштурууда жана ресурстарды түзүүдө убакытты үнөмдөп, ишти жеңилдетет. Мугалимдер онлайн сабактарды, тесттерди, тапшырмаларды жана иш-чараларды өткөрүүдө убактысын экономдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат.
2. Платформалар аркылуу мугалимдер сабакты түзөтүп, ар кандай форматтагы материалдарды (видеолор, слайддар, тексттер жана башкалар) окуучуларга тез арада жүктөй алышат. Бул, өз кезегинде, окуу процессин тездетип, аны жеңилдетет.


3. Интерактивдүү платформалар аркылуу мугалимдер окуучулардын билимин реалдуу убакытта текшерип, баалап, жыйынтыктарды дароо алышат. Бул иштин натыйжалуулугун жогорулатат.
4. Интерактивдүү платформалар мугалимдерге жаңы инновацияларды колдонууга жана билим берүүнүн заманбап ыкмаларын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет.

**Интерактивдүү платформалардын окуучулар үчүн пайдасы**

1. Окуучулар ар кандай убакытта жана ордунда өзүнүн билимин жакшыртып, онлайн сабактарга катыша алышат. Алар өзгөчө үй тапшырмаларын жана видеолорду өзү үчүн ыңгайлуу убакытта көрүп, үйрөнө алышат.
2. Интерактивдүү платформалар окуучуларга башка окуучулар менен биргелешип иштөөгө жана бири-бирине жардам берүүгө мүмкүнчүлүк берет. Окуучулар топтук иштерде жана талкууларда активдүү катышып, жаңы нерселерди үйрөнүшөт.
3. Интерактивдүү платформалар аркылуу окуучулар сабактарга кызыктуу жана жандуу катышышат. Окуу процесси кызыктуу оюндар, тесттер жана видеолор менен толукталат, бул болсо аларды жакшыраак үйрөнүүгө түрткү берет.
4. Интерактивдүү платформалар өз алдынча билим алуу мүмкүнчүлүгүн арттырып, окуучуларга жоопкерчиликти сезүүгө жардам берет. Окуучулар өз билимин көзөмөлдөп, өзүнчө сабактарды жана тапшырмаларды бүтүрүүгө үйрөнүшөт.


Кыргызстандын Билим берүү жана илим министрлиги жаңы «Санарип кампа» санариптик билим берүү платформасын сунуштады, ал учурда пилоттук режимде иштеп жатат. Бул долбоор 5-11-класстардын окуучуларына арналган жана математиканы, физиканы, биологияны, химияны жана географияны камтыган жаратылыш илимдери предметтерин курстатуу максатын көздөйт. Платформа мектеп программасын толуктап, билим алууну жеткиликтүү жана кызыктуу кылуу үчүн түзүлгөн.Мугалимдерге жана окуучуларга кыргыз жана орус тилдеринде заманбап жана интерактивдүү окуу материалдары сунушталат. Платформада видео сабактар, презентациялар, интерактивдүү симуляторлор, инфографика, 3D моделдер жана тест тапшырмалары бар. Бул формат окутуучуларга сабактарды кызыктуу кылууга, ал эми окуучуларга материалды жакшы түшүнүүгө жана өздөрүнүн билимдерин текшерүүгө жардам берет.

«Санарип кампа» платформасы ошондой эле «Э-Кундолук» билим берүү башкаруу системасын камтыйт. Бул окутуучуларга окуучулардын жетишкендиктерин көзөмөлдөп, тапшырмаларды аткаруусун текшерүүгө мүмкүнчүлүк берет. Окуучулар өздөрүнүн билимин интерактивдүү тесттер жана көнүгүүлөр аркылуу жакшырта алышат. Долбоор «Келечектеги билим берүү» программасынын алкагында, Дүйнөлүк банк тарабынан колдоолоп иштелип чыккан. Платформанын иштеп чыгуучулары анын жакшыртылышы боюнча сунуштарды кабыл алууга даяр. «Санарип кампа» Кыргызстанда билим берүүнүн санариптешүүсүнө олуттуу кадам болуп, окуучуларга билимдерин заманбап жана ыңгайлуу түрдө алууга жардам берет.




Балдарды экологиялык билимдерге кеңири жеткиликтүүлүгүн колдоо максатында коомдук фонд «Таалим форуму» кыргыз тилинде экологиялык билим берүү боюнча санариптик платформа — «Теребелди» расмий түрдө ишке киргизди. Бул тууралуу АКШнын Кыргызстандагы элчилигинен билдиришти. «Теребел» — бул мектеп окуучулары, мугалимдер жана экология жана эко-билим берүү менен кызыккан бардык адамдар үчүн интерактивдүү веб-сайт жана билим берүү ресурсу.Платформа аркылуу колдонуучулар кыргыз тилинде экологиялык билим берүү жана Жер илимдери боюнча кеңири материалдарга жеткире алышат.

«Теребел» платформасы тексттик жана видео материалдарды, экологиялык кеңештерди, кызыктуу фактыларды жана тапшырмаларды ар кандай форматтарда сунуштайт. Бул онлайн-ресурс колдонуучуларга жердин экосистемаларындагы процесстерди үйрөнүүгө, экологиялык эксперименттерди өткөрүүгө, экологиялык бирдиктүүлүктү жана табияттагы байланыштарды түшүнүүгө жардам берет. Билим берүү жана илим министрлигинин өкүлү Тологон Аматов бул санариптик платформанын өз убагында маанилүү экенин, анткени ал көптөгөн окурмандарды тартууга жардам берип, анын электрондук форматы китептерге жеткиликтүүлүктү кеңейтүүгө мүмкүндүк берет деп белгиледи. «Теребел» платформасы онлайн режиминде бардык каалаган адамдарга жеткиликтүү болот. Материалдар мугалимдерге экологиялык билим берүүнү илгерилетүү, сабактарга даярдануу жана география, биология, жаратылыш таануу сыяктуу мектеп предметтери боюнча интерактивдүү сабактарды уюштуруу үчүн пайдалуу болот.



«Илимбокс» – бул Кыргызстандагы мектеп окуучулары үчүн биринчи интернет аркылуу билим берүү платформасы, ал кыргыз тилиндеги санарип ресурстарынын тез жана коопсуз жеткиликтүү болушун камсыздап, мугалим менен окуучунун ортосундагы байланыш, окуучунун жетишкендиктерин көзөмөлдөө, (оорунун же карантиндин айынан) убактылуу мектепке бара албай жаткан балдарга аралыктан окуу мүмкүнчүлүгүн түзүп берет. Мындай платформа окуу куралдарынын жетишсиздигинен жана лабораториялык-практикалык сабактардын мугалимдердин жоктугунан берилбей калуу көйгөлөрүн чечүү жолу. «Илимбокс» командасы сабактарды орус тилинен кыргыз тилине которуп, тажрыйбалуу мугалимдер-практиктердин коштоосунда, жана үн режиссерунун көзөмөлү астында кесипкөй диктордун үнүн коштоп чыгарышат, андан кийин алар YouTube каналына жүктөшөт. Азыркы учурда 500дөн ашык видео файл жүктөлгөн, алар колдонуучулар үчүн төмөнкү шилтеме аркылуу жеткиликтүү: https://www.youtube.com/channel/UC4B6wPGcsdZ6hUbje8f6O7g/featured физика жана химия боюнча 1300 сабак которулуп, үн коштолуп жана YouTube баракчасына жүктөө пландалууда. Сайттын мазмуну класстарга жана темаларга бөлүнүп, ар бир сабак – окуу чейректери боюнча, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин окуу программасына ылайык бөлүштүрүлгөн. Ар бир тема видео лекция, текст, конспект, интерактивдүү тапшырмалар/оюндар, тесттерди камтыйт. Китептер менен окуу материалдар компьютерлерге, планшеттерге жана уюлдук телефондорго ылайыкташтырылган. Видеосабак файлынын көлөмү сапатын жоготпостон кыскартылат, бул өз кезегинде төмөн ылдамдыктагы интернет туташуусун колдонууга мүмкүндүк берет. Мисалы, YouTube платформасында видео сабак көлөмү 300 МБ болсо, «Илимбокс» билим берүү платформасында болгону 30 МБ гана. Бардык маалымат Кыргызстанда жайгашкан серверлерде сакталат. Бул болсо кошумча ылдамдык артыкчылыгын берет, анткени көпчүлүк интернет-провайдерлер интернет-трафигин ички жана тышкы трафикке бөлүшөт.

Республиканын алыскы айылдарынын мектеп окуучулары борбор шаарда колдонулган билим берүү ресурстарына ээ болушат. Платформаны чет өлкөдөгү окуучулар да колдоно алышат. Мисалы, тыш жакаларга чыккан жана балдарына кыргыз тилиндеги окуу ресурстары менен билим берүүгө кызыккан мигранттар бул ресурстан керектүү сабактарды жүктөп ала алышат. Мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үйдөн окуп билим алуу үчүн видео, аудио же тексттердин ыңгайлуу форматын тандай алышат. «Өлкөнү өнүктүрүү үчүн билимге маани бериш керек. Интернетте кыргыз тилинде окуу материалдары абдан аз, ал эми кыргыз тилинде видео сабактар буга чейин такыр болгон эмес. Бул долбоордун аркасы менен биз мектеп окуучуларына эле эмес, жаш мугалимдерге да жардам беребиз. Биздин видео сабактар ар бир адам үчүн айкын жана жөнөкөй. Мындай долбоорлор сөзсүз ишин улантуу керек», – деди «Илимбокс» командасы үчүн видео сабактарды кыргыз тилине которгон физика мугалими Сымбат Мадемилова.




Электрондук мектеп – бул билим берүү процессин санариптик технологиялар менен интеграциялаган билим берүү платформасы. Ал мектепте окуу программаларын эффективдүү башкарууга жана окуучулар, ата-энелер менен өз ара аракеттенүүгө мүмкүнчүлүк берет. Билимдин жеткиликтүүлүгүн жана сапатын жогорулатат: электрондук мектеп окуучуларга алардын жашаган жерине карабастан билим алууга мүмкүнчүлүк берет. Бул, айрыкча, алыскы аймактарда, сапаттуу окуу ресурстарына жетүү чектелген жерлерде маанилүү. Платформа окуучуларга онлайн билим алууга мүмкүндүк берет, бул билим берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн кыйла кеңейтет.

Санариптик көндүмдөрдү өнүктүрүү: Заманбап дүйнө окуучулар менен мугалимдерден санариптик көндүмдөрдү талап кылат. Электрондук мектеп технологияларды күнүмдүк окутууга интеграциялайт, бул мектеп окуучуларында компьютер, интернет жана атайын программалар менен иштөө көндүмдөрүнүн өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Бул аларды келечектеги кесиптик ишмердүүлүккө жана санариптик коомдогу жашоого даярдайт.

Онлайн сабактар жана виртуалдык класстар: Электрондук мектеп видеоконференциялар, презентациялар жана интерактивдүү такталарды колдонуу менен онлайн сабактарды өткөрүү мүмкүнчүлүгүн берет. Мугалимдер сабактарды реалдуу убакытта өткөрө алышат, талкууларды уюштурушат жана окуучулардын суроолоруна жооп беришет, бул класста катышуу сезимин жаратат.

Электрондук күндөлүктөр жана жетишкендик журналдары: Бул инструменттер мугалимдерге бааларды коюуга, келүү жана үй тапшырмаларын каттоого мүмкүндүк берет. Ата-энелер балдарынын ийгиликтерин көрө алышат жана жетишкендиктериндеги өзгөрүүлөргө өз убагында жооп бере алышат.

Окуу материалдарына, тесттерге жана тапшырмаларга жетүү: Окуучулар окуу материалдарын ала алышат, тестирлөөлөрдөн өтүп, үй тапшырмаларын платформанын жардамы менен аткара алышат, бул окуу процессин жеткиликтүү жана башкарылуучу кылат. Платформа текст, видео жана аудио сыяктуу ар түрдүү контент түрлөрүн жүктөөнү колдойт, бул мугалимдерге ар түрдүү окуу материалдарын түзүүгө мүмкүндүк берет.

Платформа аркылуу баарлашуу: Кирген чаты, форумдары жана билдирүү системалары мугалимдерге, окуучуларга жана ата-энелерге тез жана натыйжалуу баарлашууга мүмкүнчүлүк берет. Бул суроолорду чечүүнү жеңилдетет, оперативдүү байланышты камсыз


кылат жана билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын өз ара аракеттенүүсүн күчөтөт.

**Электрондук мектепти колдонуу артыкчылыктары**

Окуу процессин уюштуруунун ыңгайлуулугу: Платформа билим берүү процессинин бардык элементтерин бир система катары бириктирип, окуу процессин башкарууну, сабактарды даярдоону жана окуучулардын билимин баалоону жеңилдетет. Мугалимдер график түзүп, материалдарды жүктөп, окуучулардын иштерин бир жерден текшере алышат.

Сабактарды даярдоого жана өткөрүүгө кеткен убакытты үнөмдөө: Даяр шаблондордун, окуу материалдарынын жана тест түзүү куралдарынын жардамы менен мугалимдер сабакка даярданууга кеткен убакытты бир кыйла кыскарта алышат. Тесттерди жана тапшырмаларды автоматтык текшерүү мүмкүнчүлүгү окуучулардын билимин тезирээк баалоого жана натыйжаларды дароо берүүгө мүмкүндүк берет.

Аралыктан окуу мүмкүнчүлүгү: Электрондук мектеп каалаган шартта, жаман аба ырайында, карантинде же башка учурларда окутуунун үзгүлтүксүздүгүн камсыздайт. Окуучулар үйдөн окууну уланта алышат, бул окуу убактысынын жоголушун минималдаштырат жана туруктуу окуу процессин колдойт [5].




**Жыйынтык**

Интерактивдүү билим берүү платформалары билим берүү системасын жаңыртууга жана жакшыртууга багытталган маанилүү инструменттердин бири болуп калды. Мугалимдер жана окуучулар үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачып, билим алуунун жана окутуунун сапатын жогорулатат. Бул платформалардын колдонулушу, өз кезегинде, билим берүү процессинде жаңы горизонтторду ачып, көптөгөн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Мугалимдер жана окуучулар үчүн мындай платформалар билим берүүнү жеңилдетип, жаңы түрдө башталат. Интерактивдүү билим берүү платформалары билим берүү процессин жандандырууга жана заманбап ыкмалар менен окутууга жардам берет. Бул платформалар ар бир мугалим үчүн ресурстарды иреттөө, окуучулардын окуусун жеткиликтүү жана кызыктуу кылуу үчүн маанилүү курал болуп саналат. Окуучулар болсо, өз кезегинде, бул платформалар аркылуу билимдерин кеңейтип, жаңы технологияларды үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк алышат. Интерактивдүү платформаларды колдонуу билим берүүдө чоң өзгөрүүлөрдү алып келет жана бул багыттагы инновацияларды колдонууну улантуу билим берүү сапатын жогорулатууга

түрткү болот. Окуу процессинде электрондук окуу китептерди, электрондук журналды жана электрондук мектепти колдонуу салттуу окутуу ыкмаларын кыйла модернизациялап, аларды интерактивдүү, жеткиликтүү жана натыйжалуу кылат. Бул санариптик куралдар окуу материалдарына жана билим берүү ресурстарына жетүүнү жеңилдетүү менен бирге билим берүү процессин башкаруунун сапатын да кыйла жогорулатат. Алар индивидуалдуу окутуу ыкмаларын өнүктүрүүгө, окуучулардын мотивациясын жогорулатууга жана мугалим, окуучу, ата-эненин ортосундагы өз ара аракеттенүүнү күчөтүүгө өбөлгө түзөт.

Электрондук ресурстар окуучулардын жетишкендиктерин тез арада көзөмөлдөп, анализдөөгө мүмкүнчүлүк берип, окутуудагы көйгөйлөрдү тезирээк аныктоого жана жоюуга шарт түзөт. Мындан тышкары, алар дистанциялык окутуу шарттарын түзүп, окуучуларды жайгашкан жерине карабастан билим алууга мүмкүнчүлүк берет. Бул глобалдык чакырыктар, мисалы, пандемия жана башка өзгөчө кырдаалдар учурунда өзгөчө мааниге ээ. Билим берүү процессине санариптик технологияларды киргизүү – бул санариптик коомдун талаптарына жооп берген заманбап мектепти түзүү жолундагы зарыл кадам. Ошентип, электрондук окуу китептерди, электрондук журналды жана электрондук мектепти колдонуу окуу процессин жеңилдетип эле койбостон, окуучуларды келечекте ийгиликтүү жашоо жана иштөө үчүн зарыл болгон көндүмдөрдү калыптандыруу үчүн негиз түзөт.

**Колдонулган адабияттар**


1. Нуркулова М. Р. Роль интерактивных технологий в модернизации образования Кыргызстана // Бюллетень науки и практики, Том 7, 2021.
2. Султанбаева Г.С. Математиканы окутууда маалыматтык-коммуникациялык каражаттарга коюлган талаптар Вестник И. Арабаев атындагы КМУ – 2017. №1 – 184-186 б.
3. Цифровизация школьного образования Кыргызской Республики: реальность и перспективы.URL: https://kutbilim.kg/ru/analytics/inner/tsifrovizatsiya
4. Цифровая трансформация и несовершенства в законодательстве КР в сфере цифровых прав. URL: https://adilet.kg/ky/tpost/6kgovznpi1-tsifrovaya-transformatsiya-i-nesovershen
5. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин «Электрондук мектеп» платформасы https://ds.edu.gov.kg/
6. В Кыргызстане запущена цифровая образовательная платформа «Санарип кампа» в пилотном режиме https://ru.archive.kabar.kg/
7. Цифровое образование в Кыргызстане и внедрение цифровых платформ https://usubaliev-institute.org/2025/01/13/%D1%86%D0%B8%D1%84%D1%80%D0%BE%D0%B2%D0%BE%D0%B5-%D0%BE%D0%B1%D1%80%D0%B0%D0%B7%D0%BE%D0%B2%D0%B0%D0%BD%D0%B8%D0%B5-%D0%B2-%D0%BA%D1%8B%D1%80%D0%B3%D1%8B%D0%B7%D1%81%D1%82%D0%B0%D0%BD%D0%B5-%D0%B8/


**Рецензент: физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент Бексултанов Ж.Т.**